УДК 494.3(07)

Асирдинова Т., Кадыркулова У.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# УЛУТТУК ЭМЕС ТАЙПАЛАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА МУЛЬТИМЕДИЯЛЫК КАРАЖАТТАРДЫН КОЛДОНУЛУШУ

*Макалада улуттук эмес тайпаларда кыргыз тилин окутууда мультимедиялык каражаттардын колдонулушу, алардын артыкчылыктары жөнүндө сөз болот.*

***Түйүндү сөздөр:*** *мультимедаилык каражат, компьютердик технология, интерактивдүү доска, электрондук окуу куралы.*

Адамзаттын акыл сезиминин өркүндөп-өсүшү менен илимдин, техниканын өнүгүшү жалпы эле адамзат жашоосунун да жакшырышына, өнүгүшүнө өбөлгө болууда. Ушуга карай, билим берүү системасында да алдыга жылуу, башкача айтканда, салттык-көндүм системадан четтеп, окутуунун ар кандай ык-айлаларын колдонуу, өзгөчө компьютердик технология, электрондук доскаларды пайдалана билүү, өтүлгөн сабактын сапатын жогорулатаары белгилүү болуп калды. Деги эле биздин бардык турмуш- тиричилигибиз, жашообуз компьютер, техника менен тыгыз байланышып тургандыктан, билим берүүдө да бул техникалык каражаттардын кеңири колдонулуусу турмуштук зарылчылык. «Интерактивдүү» деген усул ыкмалардын колдонулушу окуучулардын, студенттердин өз алдынча ой жүгүртүүсүн, коллектив менен иштөөсүнүн, ар кандай чечимдерди өз алдынча кабыл алуусун, бирөөнүн оюн уга билүү менен, ага өз оюн кошумчалай алуу, кыскасы өз алдынчалыкка ээ болу жөндөмдүүлүктөрүнө калыптандырып келет.

Кыргыз тилин улуттук эмес тайпаларда окутууда, мультимедиялык каражаттарды пайдалануу өз жемишин берерин биз бул багыттагы бир нече жылдык педагогикалык тажрыйбаларыбыздан көрө алдык. Башкача айтканда видеофильмдер, аудиоуктуруулар, музыканын коштоосу, анимациялар слайддардын колдонулуусу сабак өтүүдө чектелген аймактан четтеп, кеңири маалымат мейкиндигинен пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло ала тургандыгыбызга ынандык. Андыктан даяр сабактардын иштелмелеринин электрондук үлгүлөрүн даярдоо мезгилдин талабы. Электрондук китептердин, окуу -методикалык колдонмолордун электрондук үлгүлөрүнүн даярдалышы, аралыктан (дистанттык) окутуу, онлайн маселесиде да өз ордун тапмакчы.

Улуттук эмес тайпаларда өтүлүүчү «Мекеним Кыргызстан», «Улуу Ата Мекендик согуш», «Жаратылыш жан дүйнөм», «Белгилүү инсандар», «Спорт – ден соолуктун булагы», «Алыкул Осмонов», «Чынгыз Айтматов», «Кыргызстандын шаарлары», «Сүрөт искусствосу», «Кыргыз музыкасы», «Кыргыз киносу», «Театр» ж.б. өңдүү темаларды өтүүдө ар бир темага ылайык аталган мультимедиялык каражаттарды кеңири колдонууга болот. Айрым темалар үчүн даяр «Кыргызстан», «Мезгил жана Алыкул», «Чыңгыз Айтматов» аттуу көрмө дисктери болсо, айрымдары үчүн ар кандай булактарды пайдалануу менен окутуучулар студенттер менен бирдикте даярдоого туура келет. Алсак «Кыргызстан» аттуу көрмө дискте күнөстүү мекенибиздин жаратылышы, элибиздин маданий –баалуу мурастары, көркөм кол өнөрчүлүгү ж.б. жөнүндө эң сонун маалыматтар берилген. Бул маалыматтардын керектүүсүн кептик темага байланыштырып алып электрондук сабактардын үлгүсүн даярдап

коюууда, студент даяр сабактын үлгүсүн өзү менен ала жүрүп, каалаган убагында көрүүгө, угууга мүмкүнчүлүгү болот.

Сөзүбүз куру болбосун үчүн бир сабактын иштелмесин сунуш кылсак.

**Сабактын кептик темасы: Боз үй.** Бул сабак төрт саатка ылайыкталып даярдалган

**Грамматикалык тема: Тактоочтун түрлөрү**

Кыргыз тили сабагын терең жана кеңири өздөштүрүү үчүн кыргыз тили жана адабияты предметинен мектеп программасы боюнча баштапкы билим болушу зарыл. Ушунун негизинде буга чейин алган маалыматтары бышыкталат жана өркүндөтүлөт.

Бул сабакта үйрөтүлүүчү негизги материалдар практикалык мүнөздөгү речтик темалар болуп саналат. Речтик темалардагы материалдардын мазмунун так жана ачык түшүндүрүү максатында кыргыз тилинин байланыштыруучулук мүнөздөгү айрым грамматикалык материалдарды окутуу менен жөнөкөйдөн татаалга карата багытталат.

**Сабактын максаты:**

- Сабактан алган билимдерин, маалыматтарын турмушта колдоно билүү;
- өз жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу;
- өз оюн ачык, так түшүндүрүп берүү;
- жаңы идеяларды жарата алуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуу;
- ар кандай шарттарга ыңгайлашып, өз алдынча иш алып барууга көнүгүү.

**Сабактын жабдылышы:** А4 формасындагы барактар, маркерлер, слайддык материалдар, видеоролик, боз үйдүн макети, буклет, «Кыргызстан» көрмө диски.

**Илимдер аралык байланыш** – Тарых, этнография, фольклористика илимдери.

**Өтүлгөн теманы кайталоо.** «Боз үй» темасын слайддын жардамы менен же түстүү сүрөттөрдүн, буклеттин жардамы менен студенттер өтүлгөн теманы кайталашат.

**Грамматикалык тема: Тактоочтун түрлөрү**. Грамматикалык теманы да слайддын жардамы менен түшүндүрүүгө болот.

☝ **Эске салуу максатында.**

Кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын (ордун, мезгилин, себебин, максатын, сан - өлчөмүн, сын - сыпатын) көрсөтүп, сүйлөмдө көбүнчө этиш сөздөр менен айкашып келип, бышыктоочтук милдет аткарган сөздөр тактоочтор деп аталат.

Ал сөз түркүмүнүн ичинен сын атоочко эң эле жакын турат, сын атооч сыяктуу бир катар тактоочтор белгини көрсөтүп, кандай? деген суроого жооп болуп түшө алат. Мисалы: *Терең дарыя тынч агат. Эрте ысыган бат муздайт. Бөксө чайнек бат кайнайт.*

Ушул жерден сын-сыпат тактооч менен сын атооч окшош десек болот. Анткени үчөөнө тен эле кандай? деген суроо берилип жатат. Муну менен биз эки нерсени түшүнүшүбүз керек. Тактооч дайыма этиштин ар түрдүү кырдаалын ачык көрсөтөрүн, сын атооч зат атоочтон мурда келип, заттын ар түрдүү белгилерин көрсөтөрүн ажыратабыз. Муну жогорудагы макал-ылакаптардан бир эле сүйлөм ичинде далилдесек болот. 1-сүйлдөмдөгү терең, тынч деген сөздөрдүн экөөнө тең

кандай? деген суроо берилди. Бул окшоштугу. Ал эми айырмачылыгы терең - сын атооч, себеби заттын (дарыянын) белгисин ачып көрсөтсө, тынч – тактооч, себеби этиштин сын – сыпатын (дарыянын кандай агарын) билгизди.

Тактоочтор башка сөз түркүмүнөн төмөнкү белгилери менен айырмаланат:

Кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын (ордун, мезгилин, себебин, максатын, сан-өлчөмүн, сын-сыпатын) билгизип, маани жактан абстракттуу келет.

Морфологиялык жактан тактоочтун өзүнө гана тиешелүү куранды мүчөлөрү бар.

Алар: - ча: бала + ча – балача;
адам + ча = адамча;
-лап: эрте + лап = эртелеп;
күн + лап = күндөп;
түн + лап = түндөп.

Синтаксистик жактан этиш сөздөр менен айкашып келип, сүйлөм тизмегинде бышыктоочтук милдет аткарат.

2. Мына ушул үч белги тактоочту өзүнчө сөз түркүмү кылып турат.

**Тактооч маанисине карата экиге бөлүнөт**

**1. Бышыктагыч тактоочтор (**Обстоятельственные наречие).

**2. Аныктагыч тактоочтор** (Определительные наречие).

**Бышыктагыч тактоочтор -** кыймыл-аракеттин боло турган мезгилин, өтө турган ордун, болуш себебин, же максатын көрсөтүп, өз ара бир нече топко бөлүнөт.

**Мезгил тактоочтор** (Наречие времени).

Кыймыл-аракеттин боло турган учурун, мезгилин көрсөтүп, Качан? Качантан бери? Кайсы кезде? Качанга чейин? деген суроолорго жооп берет.

Мезгил бышыктагыч тактоочторго негизинен төмөнкү сөздөр кирет: *азыр, анан, ар дайым, ар качан, ар убак, бүгүн, кез-кезде, эртен, эртели-кеч, жайды-жайлай, кышты-кыштай, мурун, кийин ж.б.* Мисалы: *Мурунку чыккан кулактан, кийинки чыккан мүйүз өтүптүр.*

**Орун тактоочтор (наречие места).**

Кыймыл-аракеттин боло турган ордун, багытын көрсөтөт да, кайсы?, кайда?, кайсы жактан?, кайсы жакка? деген суроолорго жооп берет. *Алга, артка, алды-артына, ары-бери, илгери, жогору, төмөн, анда-мында, ушунда* ж.б.тактоочтор кирет.

Мисалы: *Алда кайдан кербен тартып келаткан,*
*Кербенчинин төөлөрүндөй чубашкан.*

**Себеп жана максат тактоочтор (наречие причины и цели).**

Кыргыз тилинде сан жагынан өтө аз. Буларга: *аргасыздан, атайын, эрксизден* деген саналуу сөздөр кирет.

Мисалы: *Атайлап түшүнбөгөн киши болуп жер карады.*

Себеп жана максат бышыктагыч тактоочтор сын-сыпаттык маанилерге да ээ болушат. Мисалы: *Башын жерге салып аргасыз басып келди. Аргасыз* деген *сын-сыпат тактооч, кандай?* деген суроо берилди. Бышыктоочтун милдетин аткарды.

**Аныктагыч тактоочтор.** Мындай тактоочтор кыймыл-аракеттин сын-

сыпатын, сан-өлчөмүн билдирип, өз ара бир нече топко бөлүнөт.

**Сын-сыпат аныктагыч** (Наречие образа действия или уподобление, сравнение) тактоочтор кыймыл-ракеттин ар түрдүү сапаттык жагынан өзгөчөлүгүн кандай ык менен ишке ашырыларын, белгисин көрсөтүп кандай? кантип? кандайча? кимче? эмнече? деген суроолорго жооп берет: акырын, аста, адамча, айбанча, тымызын, тез, дароо, бат, ылдам, жай, бирге, бетме-бет, оозмо-ооз, каадасынча, мурункусунча, өзүнчө, көзүнчө, менчилеп, сенчилеп ж.б. сөздөр кирет. Мисалы: *Дүйшөнкул Шопоков, Чолпонбай Түлөбердиев өз элин коргоп баатырларча курман болду.* (Баатырлар - зат атооч, -ча мүчөсү уланып тактооч болду да, кантип? деген суроого жооп берди. Сүйлөмдө бышыктоочтук милдет аткарды.) Эпосто баатырлардын аттары адамча сүйлөйт.

(Адам - зат атооч, -ча мүчөсү уланып, сын-сыпат тактооч болду да, кандайча? деген суроо берилди. Сүйлөмдө бышыктоочтук милдет аткарды).

**Сан-өлчөм аныктагыч тактоочтор (Наречие меры и степени)** кыймыл аракеттин сан-өлчөм жактан өзгөчөлүгүн билдирип, канча? нече? канчалык? канчалап? нечелеп? деген суроолорго жооп берет: барынча, болушунча, жетишинче, жапырт, аз - маз, ушунчалык, ошончолук, аз-аздан, саал-паал, бир-бирден, көп-көптөн ж.б. сөздөр кирет. Мисалы: Калыгул кары анча шашпайт. (Анча деген сан-өлчөм тактооч болду да, кандай? деген суроого жооп берди. Сүйлөмдө бышыктоочтун милдетин аткарды.)

**Бул тапшырма ар бир студентке баракчаларга таркатылып берилет.**

**1 .✍Көп чекиттин ордуна тактоочтордун карама-каршы маанисиндеги сөздөрдү таап жазышат. Аларды катыштырып кептик темага байланыштуу сүйлөмдөрдү түзүшөт.**.

Өйдө ..., жогору ..., күндүз ..., көп ..., эртең менен ..., жакын ..., жакындап ..., ичкери ..., өөдө ..., ылдам ..., күнү ...,жаңыча ..., күндөп ..., мурун ...

**2. 🕮 Текст слайд түрүндө көргөзүлүп ар бир студенттер бирден сүйлөмдү окуп түшүнгөндөрүн айтып беришет.**

**Кыргыз боз үйү**

Кыргыздардын материалдык маданиятынын эң мыкты көрүнүштөрүнүн бири «боз үй» болуп эсептелет. Ал көчмөндөрдүн жайдыр-кыштыр жашаган турак жайы болгон жана ал көчмөн турмушка эң сонун ылайыкташтырылган: түзүлүшүнүн жеңилдиги, жөнөкөйлүгү, көчүп-конууга ыңгайлуулугу, бардык сезондорго жарактуулугу ж.б. – анын айныгыс мыкты сапаттарына жатат. Боз үй жыгач конструкциядан турган: ал тегерек форманы берген жазылып-жыйылуучу бир нече бөлүктүү «керегеден» турган. «Кереге» айрым «канаттардан» туруп, аларга бекитилген «ууктар» боз үйдүн төбөсүн – «түндүктү» тиреп турган. «Канаттар» кошулган жерге босого орнотулуп, ага эки жактуу «каалга» бекитилген. Керегелерди айланта жип чырмалаган «чий» каланып, ал кийиз туурдуктар менен жабылган. Боз үйдүн көлөмү «канаттардын» санына жараша болгон, салыштыра келгенде «алты канат үй» же ийилген учу – «ууктун алаканы» керегенин ача учтарына беитилип, «ууктун учу» түндүктүн тешиктерине тирелген ууктардын санына жараша – «жүз баштуу», «сексен баштуу», «алтымыш баштуу үй» деп аташкан, мында «баш» деген сөз керегенин учтарын – «керегенин башын» билдирет.

**Сөздүк менен иштөөдө, алгач, кыргыз тилиндеги сөздөр экрандан көрсөтүлүп, алар боз үйдүн кайсы бөлүгү экендиги тууралуу студенттер өз ойлорун айткандан кийин сөздөрдүн котормолору көрсөтүлөт.**

**Ууктун алаканы** – плоская часть унины.

**Ууктун билеги** – наружная сторона низа унин.

**Ууктун учу** – верхний конец унины.

**Кереге** - деревянная решетка цилиндрической части юрты.

**Керегенин көзү** – 1) кожаная сшивка дя кереге,
2) место скреүения отдельных палок кереге и соединения их посредством кожаной нитки.

**Кереге чалгыч** – тесьма, проходяшая по верхней части кереге.

**Түндүк** – верхний деревянный круг остова юрты держаүийся на верхних концах уук (ов).

**Түндүк жабуу** – кусок войлока, служаүий для закрывания түндүк (а).

**Бакан** – шест которым поднимают кошмы и верхнюю часть остова юрты.

**Кийиз** – войлок.

**Ала кийиз** – орнаментированный войлок.

**Туш кийиз** – богато орнаментированный войлочный или бархатный настенный ковер.

**Өрө кийиз** – гладкий войлок без орнамента.

**Туурдук** – (часть юрты) кошмы которыми покрывается кереге.

**Үзүк –** (часть юрты) кошмы (их две) идуүие между туурдук (ом) түндүк (ом), передний или задний үзүк.

**Чий** – загородка вокруг решетки юрты из циновки, циновка из чия каждый стебель которого обмотан цветными нитками.

**Чыгдан** – зогородка из чия вженской половине юрты, за которой хранятся кухонные принадлежности и продовольственные запасы.

**Эр жак** – мужская половина юрты.

**Эпчи жак** – женская половина юрты.

**Төр** – почетное место юрты.

**Улага** – место у порога.

**Жүк** – одеяла, подушки и т.п. (сложенная стопкой вюрте против входа.

**Жүк такта** – доска на которой лежит жүк.

**Шырдак** – шитый в два слоя орнаментированный войлок

**3. 🕮 ✍ Бул тапшырмада боз үйдө колдонулуучу кайсы буюм жөнүндө сөз болуп жатканын таап, көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү компьютерде чычкандын жардамы менен оз орундарына алып келишет . Ал эми тактоочтордун астын сызыкча менен белгилесе болот, же тапшырма баракчаларда таратылып берилип ар бир студент өз алдынча аткарса да болот.**

**…**– кийизден жасалган ашкана буюму. Бул жыгач идиш-аяктарды сакташат. Ал көчмөндүү турмушта кеңири колдонулуп, боз үйдүн эпчи тарабына керегеге эки кулакчасынан илинген. Мунун жөнөкөй түрү жалаң кийизден турат.

**…**– сайма өнөрүнүн жүзүн ачуучу асыл буюм. Ал үйдүн керегесине тартуу

үчүн оюм-чийимдерди жана көркөм көчөттөрү менен саймаланган асем үлгү. Кийизге оюм-чийим көчөт түшүрүлүп жасалган жана чети кундуз менен бастырылган. Баш жагына шуру, бермет, маржан өңдүү асемдер тизилген. Кийин алар ар кыл тукаба, парча, баркут сыяктуу кездемелерге өткөн.

**…**– үй эмеректеринин бир бүтүмү. Төргө үстү-үстүнө бүктөлүп жыйылган ала кийиз, алтыкат, жууркан, төшөк жана жаздык. Аны килем, же таар, же сайма жабат.

…. жакшынакай жыйылышы үйдүн ичине өзүнчө ажайып коoздук тартуулайт. Кыз келиндер … кынаптап жыюусу аркылуу кирип-чыккандарга өзүнүн үйдү таза тутуусун, адептүүлүгүн, чеберчилигин жана табийгый маданиятын көрсөтөт.

**…** – боз үйгө кирип-чыгууда эшиктин элпек жабылышы үчүн жылкынын жазы көгү менен токулган чий. Боз үйдүн бир бөлүгү. Түшүүчү көркөм көчөттөр анча ала чакмактанбай, буюмдун четки ийреги кийизге беттей тигилет да, мында негизи кызыл-көк, кара-кызыл, кара-сары, кара-ак сыяктуу эки өң гана жупташат. Ачып-жабууда абдан бышык болуусу үчүн аны согууда атайын жылкынын көгү колдонулат да, буга деле чыгдан (ашкана) жана канат чийге таандык көркөм көчөттөр түшүрүлөт.

**…** – ичине идиш-аяк, тамак-аш коюлуучу чийден жасалган боз үйдүн эпчи жаккы бөлүгү. Бул 2-2,5 мм кооз чырмак оюм салынып да, жөнөкөй да токулат. Өң жагы уукка байланган … эки жагында үчтөн алты кулагы болот да, босого тарабы ашкана оозу чий аркылуу тосулат.

**(Чыгдан, эшик чий, жүк, аяк кап, туш кийиз)**

**4. Боз үйдүн тигилиши, ички түзүлүшү тууралуу видеофильм көрсөтүлөт. Көрсөтүлгөн видеофильм боюнча студенттер өз ойлорун айтышат. Өз үйлөрүнүн жасалгасы жөнүндө айтып, боз үйдөгү жасалга менен салыштырылат.**

Боз үйдүн ички жасалгасы.

Үйдүн ичинин бөлүнүшү же андагы буюмдардын жайланышы элдин турмушу, салт-санаасы менен аныкталып, анын ар тарабы өзүнчө мааниге ээ болот.

Төр – үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Анда жүк жыйылып, ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң, төшөк салынат. Жүктүн эки жагына текче илинет. Текче кездемеден узундугу 75 см, туурасы 30-40 см тигилип, тегереги чачыланып, бети саймаланат. Төрт бурчуна боо тагылып, экөө керегенин башына, экөө уукка байланат. Ичине майда-барат буюм салынат

Боз үйгө туш кийиз тартуу – эзелтен берки салт. Анын боолору ууктун билегине тагылат. Боз үйдүн кире беришиндеги оң ыптада аяк кап кереге көзүнө илинет. Андан ары чыгдан тартылат. Керегеге, же аш алабаканга көөкөр, көнөчөк, көнөк, чыны кап улай илинсе, жакшы жарашат. Күзгү кап, текченин илиниши үйдү ого бетер көрктөндүрүп жиберет. Азыр коломто болбогондуктан, үйгө шырдак менен ала кийиз салынат. Көрпө, көлдөлөң, курак, сайма төшөктөр төшөлөт.

Боз үйдөгү тиричилик мейкиндиги өтө кызыктуу уюштурулган. Боз үйдүн эшигине бет маңдай жак – «төр» эң сыйлуу бөлүк. Бул жерде коноктор, үй-бүлөдөгү улуу эркектер орун алышкан. Кире бериштин сол капшыты «эр жак»

деп аталып, анда орто жашар жана жаш эркек бүлө орун алган, түнкүсүн ал жерде жаш жубайлардын жатар орду жайгашкан. Боз үйдүн кире бериштен оң ыптасы «эпчи жак» (б.а. аял бүлө жак) деп аталып, чийдин аркы жагында идиш-аяк, тамак-аш сакталган. Эң акырында кире берише – «улага» орун алган. Бул жерде эшикке чукул сол тарапта «ээр токум», «ат жабдыктар» ж.б. тиричилик шаймандары сакталган. Боз үйдүн ортосунда от жагылып, тамак-аш асылчу «коломто» ээлеген.

**5. Интерактивдүү оюн . «Боз үй тигүү» Бул тапшырманы да компьютердин жардамы менен аткарса болот. Power Point программасынын жардамы менен сүрөт тартуу аркылуу көрсөтсө болот. Же болбосо эки топко бөлүнүп боз үй кандай тигилсе ирээти менен жазып чыгышат, биринчи жазып бүткөн команда жеңишке ээ болот.**

**6. 🕭 Ал эми үйгө тапшырма үчүн:** «Келечектеги боз үйдүн жаңы үлгүлөрү кандай болушу мүмкүн» деген темада ээсе жазып келүүнү берсе болот.

Адабияттар:

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология. – Б., 1997.

2. Абдулдаев Э., Давлетов С., Турсунов А. Кыргыз тили. – Ф., 1986. Баштооч топтор үчүн көнүгүүлөр жыйнагы. – Бишкек, КТУ, 1991.

3. Акматалиев А. Көркөм кол өнөрчүлүк. – Ф., 1984.

4. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. – Б., 1993.

5. Акматалиев А. Кыргыздын уз-усталары (Антология). – Б., 1997.

6. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Б., 2000.

7. Биялиев К.А. Кыргыз тили. ЖОЖдордун , башка улуттагы студенттери үчүн. – Б., 2002.

8. Дюшембиева А.О. Мамлекеттик тилди модулдук-рейтингдик системада окутуу. – Б., 2001.